Абдиев Жээнбек Сейталиевичдин «Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасынын экономикалык тарыхы (1991-2010-жж.)» деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына илимий жетекчиси тарых илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын УИАнын корр.-мүчөсү Т. А. Абдырахмановдун

ПИКИРИ

Кыргызстандын эгемендик мезгилинин 1991-2010-жылдар аралыгында жогорку кесиптик билим берүү системасында бир катар өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Билим берүү системасында жогорку окуу жайлар мамлекеттик жана мамлекеттик эмес жана эл аралык жогорку окуу жайлар болуп бөлүнүп, алардын экономикалык ишмердүүлүгүнүн мазмуну дагы өзгөргөн. Бул Билим берүү системасынын дүйнөлүк билим берүү системасына интеграциялануусу, өлкөдөгү экономикалык реформалар менен байланышта болгон. Билим берүүгө инвестиция тартуу, беилим берүүнү экспортоо сыяктуу ЖОЖдорду каржылоо иштей баштаган.

Тарыхый учур тастыктагандай XXI кылымдын негизги өндүрүш күчү катары адамдын ой-жүгүртүү жөндөмдүүлүгү менен акыл эмгеги болууда. Ушундан улам, коомчулуктун алдындагы эң башкы маселелердин бири катары сапаттуу билим берүү жана анын негизинде жарала турган акыл эмгегин өркүндөтүүгө өзгөчө көңүл бурулууда.

Диссертациянын изилдөө объектиси жогорку окуу жайларынын экономикалык тарыхын изилдөө актуалдуу проблема болуп эспетелери талашсыз. Чындыгында, диссертацияда каралып жаткан мезгил аралыгында Кыргызстандын билим берүү тармагы өлкөнүн башка чөйрөлөрүнөн айырмаланып, өтө эле көп реформаланган. Бул жылдары бир нече министрлер алмашып, болжол менен ар кандай өңүттөгү, маанидеги, деңгээлдеги жана мүнөздөгү көптөгөн аракеттер жасалган. Натыйжада,

билим берүү тармагы кээ бир жаңылыктарга жана жетишкендиктерге ээ болгон.

Диссертациялык иши төрт баптан турат. Биринчи бапта изилдөөнүн тарыхнаамасы каралып, кеңири анализге алынган. Экинчи бапта Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиянын кандидаттык диссертацияларга коюгон талабына ылайык изилдөөнүн объектиси жана предмети менен бирге методологиясы каралган.

Изиденүүчү тарабынан Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлемелкеттик архиви, саясий документтердин архив, ЖОЖдордун архивдериндеги бир катар тарыхый булактык база топтолуп, илимий алампага киргизилген.

Диссертасиянын негизги баптарында мамлекеттик, жеке менчик, эл аралык жогорку окуу жайларынын экономикалык ишмердүүлүктөрүнө комплекстүү илимий анализ жүргүзүлүп, изденүүчү тарабынан жыйынтыктар чыгарылган. Изилдөөнүн жыйынтыктары изиденүү тарабынан апробацияланган.

Абдиев Жээнбек Сейталиевичдин «Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасынын экономикалык тарыхы (1991-2010-жж.)» деген темадагы диссертациялык ишинин кол жазмасы толук изилденип чыккан илимий эмгек жана КР УАКтын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарга жооп берет. Диссертациянын мазмунун 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистигине толук жооп берет жана ачык коргоого сунуштайм.

Тарых илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын УИАнын корр.-мүчөсү Абдырахманов Т. А.